**Кызыл-Кыя шаардык И.Абдрахманов атындагы №13 жалпы билим берүү орто мектебинин №4 педогогикалык кеңешмесинин протоколу**

11.02.2023. катышканы-38

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Өзүн-өзү баалоонун (программалык, институтцианалдык) отчетун бекитүү жана аккредитацияны өткөрүү үчүн жогорку органдарга жөнөтүү

2. Ар түрдүү маселелер

Биринчи маселе боюнча мектеп директору Эрматов А.К. төмөнкүлөргө токтолуп кетти.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, биз №2 кеңешмеде аккредитациянын иш кагаздары үчүн өзүн-өзү баалоо комиссиясын шайлап алган болчубуз, алар өз ишин бүткөндүгүнө байланыштуу бүгүнкү отурумда карап чыгышыбыз керек. Маалымат берүү үчүн комиссия мүчөлөрүнө сөз берели.

Жарыш сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова А. чыгып, төмөнкүлөрдү кошумчалады.

Угулду:

Түзүлгөн комиссиянын мүчөлөрү берилген документтерди критерийге ылайык текшерип чыктык. Текшерүү учурунда айрым мугалимдердин документтери жок экендиги да байкалды. Алар кайрадан жасап беришти.

Жарыш сөзгө усулдук кеңештин төрайымы, кыргыз тили жана адабияты мугалими Сайпидинова У. сөзгө чыкты.

Угулду:

Мен дагы иш кагаздары боюнча өзүмдүн оюмду айтып өтөйүн. Кээ бир мугалимдер документтерди кыргызча жазганда кыргыз алфавитиндеги ө,ү,ң тыбыштарын о,у,н тыбыштары менен жазып коюшкандыктары байкалды. Анан иш кагаздардагы айрым орфографиялык каталарды да карап чыктык.

Мектеп сайтына жооптуу, математика мугалими Орозбек кызы Нурила сөзгө чыкты.

Угулду:

Мен дагы айрым мүчүлүштүктөр, кыйынчылыктар боюнча айтсам: мугалимдер документ жөнөткөндө иш кагаздын аталышын жазбай эле жиберип коюшту, аны өзү менен сүйлөшүп, тактап кайрадан pdf кылганга туура келди. Дагы жакшы информатика мугалими Кульпин Данилдин жардамы менен ишибиз жеңил болду.

Жарыш сөзгө мектеп директору Эрматов А.К. чыгып, төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

Анда эмесе мугалимдер, өзүн-өзү баалоо комиссиясынын иши бүткөндүгүнө байланыштуу комиссиянын отчетун бекитип берүүңүздөрдү суранамын. Добушка саламын.

макул-38

каршы-жок

калыс-жок

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1. 1. Өзүн-өзү баалоо (программалык аккредитацияга) комиссиянын берген отчету канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Комиссиянын берген отчету Билим берүү жана илим министрлигинин кароосуна жөнөтүлсүн.
3. Даярдалган иш кагаздар "АСУЛА" тиркемесине киргизилсин.
4. Аны көзөмөлдөө жагы мектеп директоруна жүктөлсүн.

Экинчи маселе боюнча мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Маматисман кызы Айзирек сөзгө чыкты.

Угулду:

-Урматтуу мугалимдер, 21-февраль-Эл аралык эне тил күнүнө конкурс жарыяланды. 1-4-класска чейин жомоктор боюнча сүрөт сынагы болот. Ошого аталган класстардын жетекчилери сүрөткө шыгы бар окуучуларды сүрөт мугалими Эшмамбетова Машхура эжеке менен байланышып даярдык көрүңүздөр. 5-6-класстар тил жөнүндө айтылуучу көркөм окуу сынагына даярданыздар. Окуу мөөнөтү бир мүнөттөн ашпашы керек. Анан 7-9-класстын окуучулары ватманга "Эне тилим-менин дилим" деген темада дубал газета чыгарышсын. Анын өлчөмү бир жарым метр болуу керек.

Илим жана техника жумалыгына карата жасалган буюмдарды окуучулар менен бирге 13-февралда шаардагы №6 мектепке алып барабыз. Анан дагы эскерте кетүүчү нерсе, жылда өткөрүлүүчү жоокер ыры, атуулдук ыр жана көркөм окуу сынагы 3-мартта биздин мектепте өтүлө турган болду.

Жарыш сөзгө мектеп директору Эрматов А.К. чыгып, төмөнкүлөргө токтолду.

Угулду:

Мына Айзирек эжеке аткарыла турган иш-чаралар боюнча айтып өттү. 3-мартта ар бир мектептен мугалимдер, окуучулар келсе, балдардын тартибин, тазалыгын жакшы караңыздар. Марттын башынан "Жашыл мурас"акциясы башталат, гүл, көчөт отургузуу иштерин колго алыңыздар. Март айына чейин үйлөрдү, унааларды камсыздандыруудан өткөрүп бүтүңүздөр. Анан апрель айына чейин мугалимдер декларациясын салык органдарына тапшырууга милдеттүү.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2. 1. Сабактан тышкаркы иштер өз убагында аткарылсын.

2. Аны көзөмөлдөө жагы организатор Маматисман кызы Айзирекке жүктөлсүн.

3. Мектептин айланасын жашылдандыруу иштери класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

4. Аны көзөмөлдөө профсоюз уюмунун төрайымы Токурова Наринса эжекеге жүктөлсүн.

Мектеп директору: Эрматов А. К.

Катчы: Жумаева А.Ж.